Абдибалиев Эмилбек Абдыбаитовичтин **“Адабий жомокторду инновациялык технологиялар менен үйрөтүүнүн методикасы (Окутуу өзбек тилинде жүргүзүлгөн мектептердин мисалында”)** аттуу темада 13.00.02 – окутуунун жана тарбиялоонун теориясы менен методикасы (кыргыз адабияты) адистиги боюнча, педагогика илимдеринин кандидаты окумуштуулук даражасын изденип алуу үчүн жазылган диссертациялык ишине

## ПИКИР

Диссертациялык иш И.Арабаев атындагы Кыргыз мамлекеттик университетинин алдындагы мамлекеттик тил жана маданият институтунун кыргыз адабияты жана аны окутуунун технологиялары кафедрасында аткарылган.

Илимий жетекчиси - Муратов Абдыкерим Жаркынбаевич, педагогика илимдеринин доктору, профессор, И.Арабаев атындагы Кыргыз мамлекеттик университетинин педагогика кафедрасынын профессору

Бүгүнкү күндө коом жаңылануу менен катар, жаңы технологиялардын заманыбызга шайкеш келиши, аны менен азыркы мектеп окуучусу да компьютердик ааламга сүңгүп кириши ар бир кыргыз атуулун ойлонтпой койбойт. Ушундай оомал төкмөл жашоодо биз канткенде өсүп келе жаткан жаш муундарды келечекке туура багыттап, ата бабалар калтырган адабий мурастарыбызды канткенде аларга туура жеткирип, анын өзөгүндө жаткан таалим тарбияга кантип багыттайбыз, кантип окутабыз деген түйшүктүү суроо жаралат. Улуттун маданий баалуулуктары менен жалпы адамзаттык баалуулуктарды айкалыштыра өздөштүрүү менен биргеликте өзүбүздүн нукура каада салтыбыз менен оозантып, аларды адеп-ахлактык позициясын бекемдөө менен атуулдук ой сезимин калыптандыруубуз зарыл. Бул коюлуп жаткан маселебиздин ой түпкүрүндө

И. АРАБАЕВ атындагы
КЫРГЫЗ МАМЛЕКЕТТИК
УНИВЕРСИТЕТИ
ИНН 01212199610111
№80 12.02.24

Сканировано с CamScanner

адабий мурастарды канткенде биз туура багытта жеткире алабыз, канткенде биз жаш муундарга таалим тарбиянын үрөнүн себе алабыз деген ой толгоо жаралышы мүмкүн.

Кыргызстан - көп улуттуу өлкө, ошондуктан бүгүнкү күндө кыргыз элинин тилин, маданиятын, адабий баалуу мурастарын, үрп адат каада салттарын сыйлоо жана өнүктүрүү ошол мамлекетте жашап жаткан ар бир атуулдун ыйык милдети деп эсептейбиз.

Диссертант Э.А.Абдибалиев изилдөөсүндө өзбек мектептеринин кыргыз адабияты предметинде мамлекеттик тилде жазылган адабий жомокторду инновациялык технологиялар менен окутууда методикалык изилдөөлөрдүн жоктугун шарттап, аны үйрөтүүнүн мазмунун жана методикасын иштеп чыккандыгы диссертациялык ишинин актуалдуулугун далилдейт.

Изденүүчүнүн диссертациялык иши киришүүдөн, үч баптан, алардан келип чыккан корутундудан, практикалык сунуштардан жана библиографиядан турат. Эмгектин жалпы бети – 164, пайдаланылган адабияттардын тизмеси – 171, таблицалар – 24, сүрөттөр – 9.

Биринчи бап «Окутуу өзбек тилинде жүргүзүлгөн мектептерде адабий жомокторду инновациялык технологиялар менен үйрөтүүнүн теориялык-методологиялык проблемалары жана изилдениш тарыхы» деп аталып, анда диссертант Э.А.Абдибалиев окутуу өзбек тилинде жүргүзүлгөн мектептерде адабий жомокторду жаңычыл ыкмалар, каражаттар, методдор менен окутуу багытындагы чоң проблеманын тарыхый-методологиялык аспектилерин анализдөө менен катар элдик жомоктор менен адабий жомоктордун айырмачылыктарын №1-таблицада көрсөтүп өтөт.

Ошондой эле бул бапта Ж.Шериев жана С.Момуналиев, А.Муратов жана К.Акматов түзгөн окуу программаларынын тарыхына диссертант тарабынан жалпы обзор берилген жана бул багытта бир топ окумуштуулардын педагогикалык, адабият таануучулук эмгектерине токтолуп өткөндүгүн белгилөө менен окутуу өзбек мектептеринде кыргыз

Сканировано с CamScanner

адабиятын окутуу проблемасы К.Кимсанов, Б.Б.Байтикова, К.К.Акматов, Т.Р.Колдошов ж.б. окумуштуулардын илимий эмгектерин изилдөөсүндө методологиялык таяныч кылып алгандыгын көрүүгө болот.

Экинчи бап «Окутуу өзбек тилинде жүргүзүлгөн мектептерде адабий жомоктору инновациялык технологиялар менен үйрөтүүнүн методикасы боюнча илимий изилдөөнүн материалдары жана методдору» деп аталып, анда изилдөөнүн материалы катары кыргыз адабияты боюнча мамлекеттик стандартта, окуу программаларында, окуу китептеринде сунушталган акын-жазуучулар иштеп чыккан элдик жомоктордун берилиши, программаларга жана окуу китептерине адабий жомоктордун сунушталышы боюнча анализ жасалган. Мына ушул адабий жомоктор өзбек тилинде жүргүзүлгөн мектептердин окуу программаларына жана окуу китептерине киргизилгендиктен, диссертант изилдөөсүндө ар бир класста кайсыл автордун кандай адабий жомоктору ырлары сунушталгандыгы, аларды окутууда кайсыл жактарына өзгөчө көңүл буруу керекитигин баса белгилеп өтөт.

Изилдөөдө окуучулардын оозеки жана жазуу жумуштарын анализдөө, окуучулар жазган жомокторду талдоо, анкеттөө, байкоо, мугалимдердин тажрыйбаларын үйрөнүү жана жыйынтыктоо, кыргыз жана өзбек жомокторун салыштыруу жана интеграциялоо, моделдештирүү ж.б. методдор пайдаланылган.

«Педагогикалык эксперименттин уюштурулушу, жүрүшү жана анын жыйынтыктары» аттуу параграфында изилдөөнүн эксперименталдык базасы катары окутуу өзбек тилинде жүргүзүлгөн Ош шаарындагы Т.Г.Шевченко атындагы №19, Октябрдын 70 жылдыгы атындагы №39, Ош областынын Кара-Суу районундагы А.Парпиев атындагы №84, Ноокат шаарындагы А.Абдуваитов атындагы, Араван районундагы З.Розахунов атындагы №60, Өзгөн шаарындагы №6 А.Навои атындагы орто мектептери тандалып алынган. Бул тажрыйба ишине жалпы 440 окуучу катышып, алардын ичинен

Сканировано с CamScanner

220 окуучу контролдук (байкоо) жана 220 окуучуга эксперименталдык (тажрыйба) топто иш жүргүзүлгөн.

Диссертант Э.А.Абдибалиев алты мектептин 440 окуучусу менен жүргүзүлгөн тажрыйбада төмөнкүдөй милдеттерди аныктап көрсөтөт:

- окуучулардын адабий жомоктордун идеясын, темасын, сюжетин айтып берүү деңгээли;
- окуучулардын адабий жомоктордон үзүндүлөрдү жатка билиши;
- окуучулардын адабий жомоктордун каармандарын талдай алышы;
- окуучулардын окулган жомоктордон үйрөнгөн кыргызча сөздөрүн, фразеологиялык түрмөктөрүн, макал-ылакаптарын оозеки жана жазуу кебинде колдоно билүү компетенттүүлүгү;
- окуучулардын жомок менен адабий жомокторду айырмалай алуу деңгээлдери;
- окуучулардын адабий жомоктордун негизинде жазуу иштерин (дил баян, баяндама, эссе, доклад ж.б.) жүргүзө алуусу;
- окуучулар окуп чыккан кыргыз акын-жазуучуларынын адабий жомокторун өзбек эл жомоктору, өзбек акын-жазуучулары иштеп чыккан адабий жомоктор менен салыштыра билүүсү;
- балдардын жомок айтуу ишмердүүлүгү ж.б.

Жыйынтыгында окутуу өзбек тилинде жүргүзүлгөн мектептерде адабий жомокторду инновациялык технологиялар менен окутуу майнаптуу экени тастыкталып, алардын жыйынтыктары боюнча корутунду чыгарылып, алардын негизинде практикалык сунуштар берилген.

Үчүнчү бап «Окутуу өзбек тилинде жүргүзүлгөн мектептерде адабий жомокторду инновациялык технологиялар менен үйрөтүүнүн методикасы» деп аталып, анда кыргыз адабиятын өзбек тилинде окутуу жүргүзүлгөн мектептерде үйрөтүүнүн өзгөчөлүктөрү аныкталган.

Диссертант изилдөөсүндө окутуу өзбек тилинде жүргүзүлгөн мектептердин кыргыз жазуучуларынын адабий жомокторун үйрөтүү

Сканировано с CamScanner

процессинде котормо багытында да бир топ ишмердүүлүктөрдү белгилеп өтөт, б.а. окуучулар:

- кыргыз тилиндеги адабий жомоктордун үзүндүлөрүн өзбек тилине өз алдынча которо алышы;
- ушундай эле ишти сөздүктөрдүн жардамы менен жүргүзүүсү;
- кыргыз тилиндеги адабий жомоктордун үзүндүлөрүн өзбек тилине мугалимдин (ата-энелердин) жардамы менен которуусу;
- ушундай которуу жумуштарын окуучулар топ-топ болуп, же жамааттaшып жүргүзүүсү;
- өздөрү которгон тексттерди башка котормолор менен салыштыра алуусу.

Муну менен катар изилдөөдө окуучулар Ч.Айтматовдун «Бугу-Эне» адабий жомогун эки тилде параллель окуп үйрөнүүнүн мүмкүнчүлүктөрүн көрсөтүп, кыргыз жана өзбек элинин турмуштук, маданий, этнографиялык жакындыктарын пайдаланып тексттерди талдоо ыкмаларында пайдаланышканын көрүүгө болот. О.э. А.Осмоновдун «Толубай сынчы» деген адабий жомогун окутуп жатып, андагы жылкыга мамилени өзбек элинин «Алпамыш» эпосундагы, «Ота васияти» деген жомогундагы жылкыга бул эки эл окшош мамиле кылганын окуучулар аңдап түшүнүшкөндүгүн белгилеп өтөт.

Өзбек мектептерде адабий жомокторду окутууда сөздүктөрдү пайдалануу менен мугалим балдардын этномаданий, тилдик-коммуникативдик компетенттүүлүгүн жогорулатууда жана сөздөрдүн маанилерин үйрөтүүдө, инновациялык технологиялардан интернет аркылуу котормо жүргүзө алуусу, интернет аркылуу бул же тигил сөздүн мааниси боюнча сүрөттөрдү, видеоматериалдарды таптыруу иштерин майнаптуу жүргүзө алгандыгын көрүүгө болот

Ошондой эле изилдөөдө кыргыз адабиятын өзбек адабияты предмети менен интеграциялоо эффективдүү жолдордун бири экендигине токтолуу

Сканировано с CamScanner

менен интеграциялык багыттар тууралуу Т.К.Александрова, И.Ю.Алексашина, В.С.Безрукова, М.И.Берулава, И.Д.Зверев, В.Н.Максимова, Н.К.Чапаев, М.Тешебаев ж.б. дидактар, методисттердин изилдөөлөрүнө анализ жасап өткөн. Адабий жомокторду өзбек мектептеринде инновациялык технологиялар менен окутуу, окуучулардын билим алууга болгон кызыгуусун арттырып, чыгарманы түшүнүү деңгээлин, мамлекеттик тилди билүү компетенттүүлүгүн жогорулатарын изилдөөсүндө бир топ сабактын иштелмелери аркылуу көрсөтүп өтөт.

**Изилдөөнүн илимий жаңылыгы жана теориялык маанилүүлүгү**:

Өзбек тилинде жүргүзүлгөн мектептерде кыргыз адабияты предметинде адабий жомокторду инновациялык технологиялар менен үйрөтүүнүн методикасынын алгачкы жолу иштелип чыккандыгы; ааламдашуу доорундагы адабий жомокторду окутуунун максат-милдеттери талдоого алынгандыгы жана педагогикалык эксперименттин жүрүшүндө анын натыйжалуулугу аныкталгандыгы.

**Ал эми диссертациялык иштин практикалык мааниси тууралуу төмөнкүлөрдү белгилөөгө болот:**

1-ден изилдөөнүн материалдары окутуу өзбек тилинде жүргүзүлгөн мектептердин кыргыз адабияты сабагында адабий жомокторду инновациялык технологиялар менен окутуу боюнча мугалимдерге колдонууга сунуш кылынгандыгы;

2-ден мугалимдердин сабагын өркүндөтүүгө көмөк көрсөтөт жана методисттерге окуу программаларын, окуу китептерин, методикалык колдонмолорду жакшыртууда, жогорку жана орто окуу жайларында студенттердин курстук, дипломдук ишти аткарууда пайдаланылат.

Сканировано с CamScanner

**Диссертант тарабынан практикада пайдалануу үчүн бул сунуштар айтылган:**

1. Азыркы учурда адабий жомокторду өзбек мектептериндеги кыргыз адабияты сабагында үйрөтүү ишмердүүлүгүн жаңы талаптарга ылайык, инсандын руханий-адептик сапаттарын өнүктүрүүгө ыңгайлаштырып, этнопедагогикалык негизде толуктоо;

2. Окутуу өзбек тилдеринде жүргүзүлгөн мектептердин кыргыз адабияты предметинде адабий жомокторду окутууда окуучулардын тилдик, социалдык-коммуникативдик, адабий-теориялык компетенттүүлүктөрүн калыптандыруу;

3. Кыргыз адабиятында адабий жомокторду инновациялык технологиялар менен окутуу аркылуу окуучулардын көркөм адабий чыгарма тууралуу түшүнүктөрүн арттыруу.

**Негизги жоболордун жана тыянактардын жарыяланышы да талапка ылайык келет.** Э.А.Абдибалиевдин диссертациялык ишине байланыштуу 13 илимий-методикалык макаласы жарыкка чыккан. Аларда диссертациянын негизги жоболору, жыйынтыктары тастыкталган.

**Диссертацияда кездешкен төмөнкүдөй мүчүлүштүктөрдү жана ишке карата сунуштарды белгилеймин:**

1. Диссертацияда тиркемеге сабактын иштелмелери берилбей калган.

2. Изилдөөнүн соңунда берилген практикалык сунуштарды кайра карап чыгып, дагы да тактап, кененирээк жазып чыкса дурус болмок.

Бирок, бул мүчүлүштүктөр диссертациянын илимий-методикалык жактан алгылыктуу натыйжаларына көлөкө түшүрө албайт. Анда актуалдуу, учурдагы маанилүү проблеманын адабият сабагынын мисалында талаптын деңгээлинде чечүүгө болгон аракеттер бар. Мазмуну жана түзүлүшү боюнча кандидаттык диссертацияга коюлуучу ЖАКтын талаптарына толук жооп берет жана анын автору Абдибалиев Эмилбек Абдыбаитович 13.00.02-

Сканировано с CamScanner

окутуунун жана тарбиялоонун теориясы менен методикасы (кыргыз адабияты) адистиги боюнча педагогика илимдеринин кандидаты окумуштуулук даражаны ыйгарууга татыктуу деп эсептейм.

Расмий калыс: п.и.к., доцент Т.Н.Каранова

П.и.к., доцент Т.Н.Карановань колун тастыктаймын.
КББ У.Жамалова
09.02 2024-ж.

Дата поступления в ДС Д 13.23.673
12.02.2024 г
Осмурбаева

И. АРАБАЕВ атындагы КЫРГЫЗ МАМЛЕКЕТТИК УНИВЕРСИТЕТИ
КЫРГЫЗСКИЙ ГОСУДАРСТВЕННЫЙ УНИВЕРСИТЕТ им И. АРАБАЕВА
ОК:
КОЛ ТАМГАСЫН ТАСТЫКТАЙМЫН
ПОДПИСЬ ЗАВЕРЯЮ

Сканировано с CamScanner